КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжи**

# Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжинин студенттеринин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө жобо

Кызыл-Кыя - 2021-жыл

| «Каралды» | «Бекитемин» |
|---|---|
| ККТТИжЭК нын педагогикалык кеңеши | ККТТИжЭК нын директору, э.и.к. |
| Пртотокол №3 | ______М.У.Ураимов |
| «24» декабрь 2021-ж | «24» 12 2021-ж |

**Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кия тоо-техникалык инновация жана экономика колледжинин студенттеринин билимин баалоонун модулдук – рейтиндик системасы жөнүндө**

**Жобо**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Бул жобо Кыргыз Республикасынын Билим Берүү боюнча мыйзамына жана КРнын Билим Берүү жана илим министрлигинин"ЖОЖдордун студенттеринин билимин баалоодогу модулдук –рейтингдик системаы" боюнча жобого таянып, КРнын өкмөтүнүн 4.07.2012 №470 "КРнын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү" токтомун жетекчилике алып, "Студенттердин билимдериин сапатын үзгүлтүксүз көзөмөлдөө системасын уюштуруу боюнча" жобонун негизинде, колледждин уставына ылайык түзүлду.

**1.2.** Жобо ОКОЖдордун студенттеринин билим деңгээлин баалоо жана көзөмөлдөө боюнча модулдук-рейтингдик система студенттердин активдүүлүгүн күчөтүүгө, өз алдынчалуулугун көтөрүүгө жана учурдагы билимдерин баалоонун реалдуулугуна жетишүү менен, төмөндөгүдөй артыкчылыктарга ээ болот :

- Студенттердин сабакка катышуусун жакшыртуу жана алардын активдүүлүгүн жогорлатуу;
- Студенттердин жана окутуучулардын ортосунда түз байланышты камсыз кылуу, коррупцияны алдын алуу жана жоюу;
- Студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу;
- Баалоо процессинде калыптандыруучу баалоону колдонуу ;
- Окуу процессинде ар бир студентке жекече мамиле жасоо;
- Студенттерге окуу предмети боюнча аудиториялык жана өз алдынча иштерди так бөлүп берүү.
- Студенттерге тайпалаштарынын жана окуу жайдагы (колледждеги) жалпы студенттердин арасында айырмаланган мүмкүнчүлүктөрүнүн (шык, жөндөм, билим, талант) жүзүн ачуу, инсандык сапатын калыптандырууга көмөк көрсөтүү.
- Студенттердин практикалык жана өзүн өзү уюштуруу компетенттүүлүгүн жогорулатуу;
- Студенттердин билимине кызыктар инсандардын (ата-эне, коомчулук, ж.б.) ой пикирин жана баа берүүсүн чогултуу.
- Студенттердин өзүн озү өнүктүрүү интелектин жогорулатуу.

- Окуу жайда коррупциялык жагымсыз жагдайлардын алдын алуу максатында, студенттер үчүн ачык айкындыкты көрсөтүү үчүн модулдун жыйынтыгын AVN программасына киргизүү.

## 2. Баалоонун модулдук-рейтинг системсынын принциптери

**2.1.** Тактык, ачык-айкындуулук, обьективдүүлүк

**2.2.** Үзгүлтүксүздүк

**2.3.** Максаттулук, валиддүүлүк

**2.4.** Жыйынтыкка багытталгандык;

**2.5.** Инсандык сапаттарды эске алуу.

## 3. Баалоонун модулдук-рейтинг системасын жщргщзщщүнщн тартиби

**3.1.** ОКОЖдордо окуу процессин уюштурууда этап боюнча студенттердин билим деңгээли үзгүлтүксүз текшерилет.

**3.2.** ОКОЖдордун **биринчи курсунун студенттеринин же мектептен 9 классты бүтүп келгендер үчүн** окуу предметтери модулга бөлүнбөйт. Студенттерден модул алынып, ведомость толтурулбайт Күндөлүк текшерүүдө күнүгө баа коюлат, ал эми аралык текшерүү катары текшерүү иштер, жалпылоочу, кайталоочу сабактар эсептелинет. Алардын жыйынтыгы менен журналга жыйынтык баа коюлат. Жыйынтык баа“5” баллдык система менен аныкталат жана семестр ичинде алган бааларынын жыйынтыгынын негизинде болот. Журналдагы баа ведомостко көчүрүлөт.Укуктук жактан журналдагы баа мыйзамдуу деп эсептелет.Жыйынтык баа ар бир семестрде коюлат. Семестр ичиндеги баасын жогорлатуу үчүн студент жыйынтык баа алып жаткан мезгилде кайрадан суралса болот. Кайра тапшыруу жүргүзүлбөйт.

Эгерде студентке жыйынтык баа чыкпай калса, жөйүүлөө себептер менен тастыктоочу документтери болсо, директордун уруксаты менен жекече ведомость берилет,кайра тапшыруу катары журналга белгиленет.

**3.3.** Окуу процессинде студенттердин билим деъгээли мектептен **11-классты бүтүп келгендер жана колледжде 2-курста окугандар үчүн** студенттердин **билимин баалоодо блоктук окутуу технологиясынын модулдук - рейтингдик системанын жобосунун** негизинде аныкталат.

## 4. Баалоонун модулдук-рейтингдик системасын уюштуруунун формалары

- ✓ Күндүөлүк (ежедневные)(күнүгө алган баасы боюнча)
- ✓ Аралык (модуль)
- ✓ Жыйынтыктоочу (зачет, экзамен)

## 5. Баалоонун модулдук-рейтинг системасынын уюштуруу

**5.1. Күндолүк көзөмөл** ар бир сабакта студенттин жообуна карата коюлган баа менен жана андан сырткарки үйгө берилген ар кандай тапшырмалардын аткарылышын көзөмөлдөө, өз алдынча

аткарылып жаткан жумуштардын деъгээлин аныктоо, күнүгө пикир алмашууларды жүргүзүү маселелерин өз ичине камтыйт.

Күндөлүк көзөмөлдө катышууну белгилөө кабыл алынган тартип боюнча журналга жазылуу менен жүргүзүлөт. Студент сабакта болбосо “кж” коюлат. Активдүүлүккө 0-5 чейинки баа коюлат.

**5.2. Аралык көзомөл (модуль)** Белгилүү бир убактын ичинде өздөштүрүүгө тийиш болгон окуу-материалын жана өз алдынча иштин аткарылышын текшерүү, аны баалоо максатын ишке ашырууга багыталат.

- Ар бир семестрде студенттердин билими (компетенттүүгү) 100 баллдык система менен бааланат жана ал үч этапка: 1-модуль **(М1)**, 2-модуль **(М2)**, жыйынтыктоочу текшерүү **(ЖТ)** бөлүнөт.
- Модулдарда балоонун максимальдык баллы 30 баллга барабар деп алабыз. Жыйынтыктоочу текшерүүдө билимди текшерүүгө 40 балл берилет, бирок анаы 30 баллы билимдин текширүү үчүн, ал эми 10 баллы сыйлык балл катары берилүүсү максатка ылайыктуу болот. Сыйлык балл -жакшы жыйынтыктарды жана активдүүлүктү көрсөткөн студенттерге берилет. Жалпы 100 балды түзөт.
- Экзамен, зачетко кирүү үчүн 30-60 ко чейин упай топтоо керек.
- Модулдарда жана жыйынтыктоочу текшерүүдө босого (пороговый) балл 18 баллга барабар деп эсептелет, анткени ал 30 баллдын 60 % тин түзөт. Эгерде студенттин топтогон баллы 18 балдан төмөн болсо, анда ал модулду же жыйынтыктоочу баллды кайра тапшыруусу зарыл. 100 баллдык баалоо системасындагы босого балл 60 ка барабар. (1- таблица)

| Балл этаптары | 1-модуль | 2-модуль | Жыйынтыктоочу текшерүү | Колдоо баллы | Жалпы балл |
|---|---|---|---|---|---|
| **Баллдар** | **30** | **30** | **30** | **10** | **100** |
| **Босого балл** | **18** | **18** | **18** | | **30** |

Билимди баалоонун 30 баллдык шкаласы менен 100 жана 5 баллдык баалоо шкалаларынын сылыштыруу үчүн 2-таблицаны пайдаланууга болот.

**2-таблица. Баллдарды салыштыруу таблицасы.**

| 30 баллдык система | 100 баллдык система | Тамгалык система | Традициялык система |
|---|---|---|---|
| **26-30** | **87-100** | **A** | **Эң жакшы** |
| **24-25** | **80-86** | **B** | **Жакшы** |
| **22-23** | **74-79** | **C** | |
| **20-21** | **68-73** | **Д** | **Канааттандырарлык** |
| **18-19** | **60-67** | **E** | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **9-17** | **31-59** | **FX** | **Канааттандырарлык эмес** |
| **0-8** | **0-30** | **F** | |

**Семестр ичиндеги модулдардын саны бардык предметтен-2 модулду түзөт.**

**5.3. Жыйынтыктоочу текшерүү (ЖТ).** Студенттердин билими жыйынтыктоочу текшерүүдө 40 балл менен бааланат. Бирок анан 10 баллы студенттердин окуп-үйрөнүүдөгү иш-аракеттерин активдештирүү максатында сыйлык балл катары берилет. Жыйынтыктоочу текшерүү БКФ (баалоо каражаттарынын фонду) нын базасы менен компьютердик тестирлөө методу менен алынат жана 30 балл менен бааланат.

Экзамендеги баалоо модулдардын жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн арифметикалык орточосу менен сыйлык (С) баллардын суммасы менен аныкталат:

**Экз=М1+М2+ЖТ+С**

мында **С**-сыйлык баллдар.

Студенттин активдүүлүгүн жогорулатуу максатында 10 балл “сыйлык балл” катары төмөндөгү боюнча берилет (Олимпиадаларга, конкурстарга, проекттерге, телеберүүлөргө, илимий-практикалык конференцияларга, коомдук иштерге ж.б. иш-чараларга катышуу)

**5 .4.Модулду кайра тапшыруу**

Учурдагы текшерүүнүн баллын жогорулатуу үчүн кайрадан тапшырууга уруксат берилбейт. Учурдагы текшерүүгө келбеген студентке модулдун ведомостунда “0” коюлат же “кж” белгиси коюлат. Студент биринчи модулга кандайдыр бир жүйөлүү себептер менен келбей калса, тастыктоочу докуметтеринин негизинде кийинки модулга 2 жума калганда, директор тарабынан уруксат берилет жана окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан модулду тапшырууга жекече график түзүлөт. Ал эми модулду кайра тапшырууда келбей калса же тапшыра албай калса 2- модулга кире берет. Эки модулдун орточосу 31 балл болбогондуктан экзаменге кире албайт. Калтырган модулун дагы жана экзаменди дагы ЛАЗ да тапшырат. Тапшыра албай калган шартта 2-ЛАЗ болбойт, жайкы семестрге калат. (2-курстар үчүн) ,

ЛАЗдын графигинде I ведомосту ачылып, кайра тапшыруу жүрөт. Бул үчүн студент графикке чейин директордун уруксаты менен ошол **жазган арызына модулунан отработка тапшырат.** Студент кагаз жүзүндө отроботка тапшыргандан кийин, **мугалим модулдун баллын AVN аркылуу I ведомостуна киргизет.** Андан кийин гана студент экзамен .зачетторго кире алат. I ведомостунда модуль , экзамен же зачет бир мезгилде жүргүзүлөт**, бирок модуль кеминде 1 күн мурдараак коюлат.**

Эгерде студент бир модулду же эки модулду тең тапшырбаса, жүйөөлүү себептерин тастыктоочу документтерин көрсөтүү аркылуу модулдарды кайра тапшыруу менен (отработка) ЛАЗда I ведомостко директордун уруксаты менен катталат. **ЛАЗда дагы тапшыра албаса, F ведомостко автоматтык түрдө которулат.**

Ал эми **1-2-модулда тең алган баллынын орточосу 31 баллга жетпесе автоматтык түрдө F ведомоско сунушталат.** F ведомостко кириш үчүн студент арыз жазып, макулдугун берет. F ведомостко кирген студент жайкы семестрге калтырылып, тиешелүү төлөмдөрдү жүргүзүү менен атайын график боюнча окуп, кайра тапшырат. (Жайкы семестрди катоо жана жүргүзүү атайын жобонун негизинде уюштурулат)

Эгерде модулдарынан жетиштүү баллы болуп туруп, бирок, экзамен же зачет болгон күнү келбей калса, **студент тастыктоочу документин корсотүп**, директордун уруксаты **менен FX ведомосту аркылуу кайрадан тапшырат.** Ал эми студент модулдарындагы топтогон баллы жетишээрлик болуп, экзамен же зачеттон "канааттандыраарлык эмес " баа алган **учурда уруксаты жок эле** ЛАЗ учурунда кайрадан FX ведомосту менен тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет

**6.Баалоонун модулдук-рейтинг системасынын негизинде** алынган упайларды академиялык бааларга которуунун төмөндөгүдөй шкаласы сунушталат.

| Жыйынтык упай | Академиялык баа |
|---|---|
| **87-100** | **"5" (оттү)** |
| **74-86** | **"4" (оттү)** |
| **60-73** | **"3" (оттү)** |
| **60 тон томон** | **"2"** |

**Эгерде студенттин модулдан алган арифметикалык орточо баллы 0-30 упайга чейин алса "канаатандырарлык эмес" деген баа алат. Мындай болгон учурда жүйөөлүү себептери болсо анда ал директордун уруксаты менен атайын графиктин негизинде жекече окуп тапшырат.**

**7.Студенттер модулдарды тапшырып баа алууда жана мугалим студенттерден модулду кабыл алып, баа коюуда төмөндогү өзгочөлүктордү эске алуусу зарыл:**

**7.1.** Экзамен, зачетко кирүү үчүн студент эки модулдун жыйынтыгы менен 31 (отуз бир) упайдан жогору алуу керек.

**7.2.** ***31 (отуз бир) упайдан*** жогору алган студент жыйынтыктоочу сурамжылоого кирип, 0-40га чейинки упайды алат.

**7.4**. Эгерде студент ар бир модулда тиешелүү баллды топтоп, бирок, жыйынтыктоочу текшерүүдө жооп бере албай "0" балл алса жана жыйынтыктоочу текшерүүгө келбесе баасы **"канаттаандыраарлык эмес"** боюнча калат.

**8.Модуль ичинде упайларды кантип топтоого болот?**

**8.1. Аралык текшерүү үчүн модуль алып жаткан учурда** 0-30 га чейинки упай берилет.

Бул график боюнча алынган модулдун өзү.. Аралык текшерүү компьютердик тестирлөө аркылуу болот, Суроолордун татаалдык денгээлине жараша **30 упайды** бөлүштүрүп, студенттин модулдан

юдулга чейинки билим денгээлин аныктоо керек. Модуль алуунун учурдагы ыңгайлуу жолу-студенттин билимин **тест** аркылуу баалоо.

**8.2. Күндөлүк текшерүүдө** студенттин күнүмдүк алган баасын кошуп, өтүлгөн сабактын санына бөлүп, упайга айлантып, ведомосттун тиешелүү графасына жазуу керек. Упай **0-10 ке чейин** болот,анын ичинен 5 балл активдүүлүгү үчүң берилет.

**8.3. Өз алдынча иштерди уюштуруу**. ОКОЖдордун окуу планы окутуунун кредиттик системасы боюнча түзүлгөндүктөн студенттер ар бир предметтен тиешелүү кредитти толтуруу үчүн окуу программасыннын **50%** өз алдынча окууга милдеттүү. Ошондуктан, модуль алууда студенттин өз алдынча ишине **0-20** упай берилет.

(**СӨАИ-** лекцияга кошумча жазуу, берилген таблицаны толтуруу, презентацияларды даярдоо, дил баян, жазуу, кластерлерди, схемаларды түзүү, сүрөттөрдүү тартуу, графикалык диктанттарды жазуу, очеттор, чийме чийүү, эсептерди чыгаруу ж.б).

Модулдан модулга чейин 6-8 ге чейинки СӨАИ тапшырмаларынын пландаса болот да берилген 20 упайды тапшырмалардын татаалдыгына жараша бөлүштүрүү керек. Өз алдынча ишти кабыл алуу сабак учурунда, сабактан сырткаркы учурда атайын түзүлгөн графиктин негизинде жүргүзүлөт. Студенттер үчүн **ӨАИни** кабыл алуу графиги тиешелүү предметтин **силлабусунда** көрсөтүлөт. Жыйынтыгы компьютердик тест түрүндө экзамендик суроолорго кошулат.

## 9.ОКОЖдордо студентттердин билимин балоодогу модулдук-рейтингдик системанын талаптары:

**9.1 Студенттердин өз алдынча иштөөсүн баалоону уюштуруу**.

Студенттердин өз алдынча иштеринин мазмуну окуу дисциплинасы боюнча түзүлгөн жумушчу программада камтылат .Өз алдынча иш конкреттүү дисциплинанын 50% көлөмүн түзөт.Оз алдынча иш дагы компьютердик тестирлоо аркылуу алынат,

**9.2** Студенттердин өз алдынча иштеринин аткарылышы боюнча ар бир мугалимдин түзгөн силлабусундагы графикти бөлүм башчысы жалпылап, директордун бекитүүсү менен бөлүмгө илет. СӨАИни кабыл алуунун аткарыдышын көзөмөлдөө бөлүм башчысына жүктөлөт.

**9.3** Өз алдынча иштердин темасы, аткарылуу формасы, тартиби студенке берилүүчү силлабуста жазылат. Окутуучу түзүлгөн силлабусту студенттерге алдын ала берет.

**9.4** Ар бир адистиктин спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жана өткөрүү боюнча усулу бөлүм тарабынан иштелип чыгып, жумушчу программага тиркеме катары берилет, же тиешелүү предмет боюнча түзүлгөн силлабуста жана окуу усулдук комплексте көрсөтүлөт.

**9.5** Өз алдынча иш боюнча отчеттуулук төмөнкүдөй түрлөрдө аныкталат:

-дисциплина боюнча практикалык тапшырмаларды аткаруу

-сунуш кылынган текст боюнча конспект же доклад

-жекече үй тапшырмаларды аткаруу

тест, текшерүү иштер

-статья, тезис, публикация, илимий же окуу басылмалар, баяндама жасоо ж.б

-өз алдынча иштер боюнча ар бир студент атайын дептер түзүп, даярдаган тапшырмаларын колго жазат, компьютерден чыгарылган өз алдынча иштер жараксыз деп табылат. ӨАИ студенттин өзүнүн чыгармачылыгы менен жасалат интернеттен чыгарылган ӨАИ бааланбайт.

**9.6 Күндөлүк текшерүүдө** күндө студенттин сабакка катышуусун, жетишүүсүн тайпалык журналга каттап, тайпалык журналды толтуруу талап кылынат. Журналга коюлган бааларды кошуп, практикалык сааттын санына бөлүү керек.

Мисалы: (5+5+4+3+3+2): 9 пара=2,4 балл + 0-5 балл инсандык сапаты үчүн кошулат.

**9.7 Аралык текшерүүнү** бекитилген график боюнча ошол жумада алып, AVN программасына киргизип, мугалим студенттерге модулдун упайын маалымдайт. Аралык текшерүү компьютердик тест жана жазуу жүзүндө жүргүзүлөт, ооз эки алуу формалдуулукка жатат.

**9.8** Аралык модулдардан алынган жалпы упайлар суммаланып орточо арифметикалык баллы чыгарылат. Жободогу талаптардын негизинде модулдун ведомосту толтурулат. График боюнча белгиленген жуманыны аягына чейин AVN программасына киргизилет. (биринчи тиркемеде берилген) **Жыйынтыктоочу көзөмөл (зачет, экзамен)** AVN де турган ведомостко жана кагаз түрүндөгү ведомостко коюлат. Экзамен же зачет болгон күнү кечке чейин ведомость AVN прграммасына киргизилип бүтөт..

**9.9.Курстук иштер жана долбоорлор, практикалар** өз алдынча дисциплина катары кабыл алынып, жогоруда көрсөтүлгөн шкала боюнча баллы жана баасы коюлат.

**9.10.Тайпалык журналдарга** модулдун баллы коюлбайт, студенттердин күндөлүк сабактарда жетишүүсү жана катышуусу белгиленет.

**9.11.Зачет тапшыруучу предметтерден** зачет 2модулдун жыйынтыгы менен баллы жетсе автоматтык түрдө коюлат. Баллы жетпегендер ЛАЗ га калат.

## 10. Студентердин билимин баалоодо модулдук- рейтингдик системасын ишке ашыруудагы катышуучулардын негизги милдеттери.

**1.Студенттер:**

-Мугалимден тапшырманы алат.

-Окулуп жаткан предметтердин окуу программасы менен таанышат.Өздөрүнүн окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу максатында аудиториялык жана өз алдынча иштердин мазмунун үйрөнөт.

-Модуль алуунун графигин, кантип упай топтоо эрежесин,рейтингди чыгарууну билуусу зарыл.

-Окутуучу берген тапшырмаларды (аудториялык, өз алдынча иш) толук аткарат.

-Ар бир тапшырмага коюлган упайлар менен таанышат.

-Өз алдынча ишти аткарууда интернеттен көчүрбөй, өз чыгармачылыгы менен, дептерге жазып тапшырат.

-Модуль тапшырууда түрдүү кыйынчылыктар болсо, кураторго жана окуу иштери боюнча директордун орун басарына, бөлүм башчыга кайрылат.

-Модулду кайра тапшырууда белгиленген график боюнча директорго арыз менен кирип, тастыктоочу документин көрсөтүп, уруксат алат

**2.Окутуучулар:**

-Студенттерге силлабустарын предметтен сабак башталганда берүүгө милдетүү.

-Студенттерди окуу предмети башталып жатканда окуу программасынын мазмуну менен, баалоо мөөнөттөрү менен, модулдун жыйынтыгы менен упай топтоо эрежелери менен тааныштырат.

-Студенттердин билимин модулдук-рейтингдик система боюнча баалоодо окуу методикалык документтердин пакетин топтойт.( тесттер,суроолор, тапшырмалар,схемалар ж.б.)

-Окуу процессинде студенттерге аудиториялык жана ӨАИ уюштурат.

-Модулдук-рейтингдик системага студенттерди көндүрөт.

-Студенттердин жетүүшүсүнө упай коюп жатканда студенттердин жеке инсандык сапатына койгон баллын кошот.

-Окуу процессине өзүнүн алган жыйынтыгынын негизинде оңдоп түзөө киргизе алат.

-Модуль тапшырууга жетише албай жаткан студенттерге жекече консультацияларды өтөт.

-Модулдун жыйынтыгын AVN программасына өз мөөнөтүндө киргизет.

-Модуль тапшырбай калган студенттерден арызын алып келген учурда модулду кайрадан алат, арызына модулдардын баллын коюп, график боюнча ведомосту ачылган күнү AVN программасына киргизет.

-Бөлүмдөгү сабактарды кайра тапшыруу журналына студенттерди каттап, тапшырмасын жазат.

-Экзамен болгон учурда методисттен кагаздагы ведомостту алат, ошол ведомостко кошумча баллдарды коет, экзамендин баасын коет, жыйынтыгын AVN программасына киргизет жана кагаз түрүндөгү ведомостко кол коюп методистке тапшырат.

-Студенттердин билимин баалоодо модулдук-рейтингдик система боюнча өткөрүлгөн семинарларга катышат, башка окутуучулар менен пикир алмашат.

**3.Бөлүм башчылар:**

-Ар бир предметтен модулду түзүүнү талап кылат.

-Окутуучулардын жекече пландарында бардык окуткан предметтерден модулду алуу модулдун суроолорун, тапшырмаларын түзүү киргизилгендигин контролдойт.

- Модулдун суроолорун, тапшырмаларын түздүрөт

-Модулдук- рейтингдик окутуунун талаптарын ишке ашырат, модулду алуу графигин түзөт, формасын бекитет.

- Модуль алуунун мөөнөтүн сактоону, модуль болуп жатканын, ведомосттордун туура толтурулушун, коюлган упайлардын обьективдщщлщгщн көзөмөлдөйт.

-Модулду алуу графиктерин ар бир группа окуган аудиторияларга илет, студенттерди тааныштырат

-Модулдун жыйынтыгын модуль бүткөн жумадан кийин аудиторияларга илет.

- Студенттерди баалоонун модулдук- рейтингдик системасын уюштуруудагы кемчиликтерди дароо жоюу иш чараларды иштеп чыгат .

- Модулдук-рейтингдик система боюнча алдыъкы тажырыйбаларды жайылтат.

**4.Окуу иштери боюнча директордун орун басары**

-бардык бөлүмдөрдөн ар бир модуль боюнча жыйынтыгы AVN программасына киргендигин текшерет.

- Модуль алуунун графигин, экзамен зачеттун расписаниясын түзөт.

-Семестр ичиндеги карыз студенттердин отроботкасын уюштурат.

-ЛАЗдын расписаниясын түзөт.

-Модулдардын жыйынтыгын талдайт, чара көрөт.

**5. Окуу бөлүмү:**

-Экзамендин, зачеттун ЛАЗынын жыйынтыгы боюнча ведомость чыгарат

-Модуль бүткөндөн кийин ведомостторду чыгарып, мугалимдерге берет.

-Мугалимдерден кагаз түрүндөгү ведомостторду алып, журналга каттайт.

-Экзаменден карыз болуп калган студенттердин арызына модулдун орточо баллын коюп берет.

-Окутуучулардан модулдун ведомосттун алып жаткан мезгилде алардын туура толтурулушуна, таза толтурулгандыгына жооп берет.

**Түзгөндөр:** **Саидкамолов У.С.**

**Аширкулова Г.Т.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжи**

_______________ циклы

# Сынактык ведомость № ____

**Тайпа__________, 2-курс, 3-семестр, 2021-2022 окуу жылы**

**Дисциплина______________________________________________________________**

**Окутуучу_______________________________________________________________**

**Сынактын мөөнөтү «_____»_____________2022-ж**

| Тайпасы: | | | МРС | | Орточо балл | Жыйын сынак | Кошумча балл | Жалпы балл | Баасы | | Окутууч колу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Студенттин аты-жөнү | Зач.кит № | 1 | 2 | | | | | жазүү | тамга | |
| 1 | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | | | | | | |
| 11 | | | | | | | | | | | |
| 12 | | | | | | | | | | | |
| 13 | | | | | | | | | | | |
| 14 | | | | | | | | | | | |
| 15 | | | | | | | | | | | |
| 16 | | | | | | | | | | | |
| 17 | | | | | | | | | | | |
| 18 | | | | | | | | | | | |
| 19 | | | | | | | | | | | |
| 20 | | | | | | | | | | | |
| 21 | | | | | | | | | | | |
| 22 | | | | | | | | | | | |
| 23 | | | | | | | | | | | |
| 24 | | | | | | | | | | | |
| 25 | | | | | | | | | | | |
| 26 | | | | | | | | | | | |
| 27 | | | | | | | | | | | |
| 28 | | | | | | | | | | | |
| 29 | | | | | | | | | | | |
| 30 | | | | | | | | | | | |

**Сынакка катышкан студент саны: ___ «к/ж»: ____**
**Алардын ичинен: «эң жакшы» ____**
**«жакшы» ____**
**«канаат» ____**
**«каң эмес» ____**

**Баалоо эрэжесы:** **60-73** – «канаатандырарлык»
**74-86** - «жакшы»
**87-100** – «эң жакшы»

**Циклдын башчысы:** ____________________

**Окуу инспектору:** ____________________

**Окутуучунун колу:**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжи**

_______________ циклы

## Сынактык ведомость № ____

**Тайпа__________, 2-курс, 3-семестр, 2021-2022 окуу жылы**

**Дисциплина____________________________________________________________**

**Окутуучу_____________________________________________________________**

**Сынактын мөөнөтү «_____»____________2022-ж**

| Тайпасы: | | | МРС | | Орточо балл | Жыйын сынак | Кошумча балл | Жалпы балл | Баасы | | Окутууч колу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Студенттин аты-жөнү | Зач.кит № | 1 | 2 | | | | | жазуу | тамга | |
| 1 | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | | | | | | |
| 11 | | | | | | | | | | | |
| 12 | | | | | | | | | | | |
| 13 | | | | | | | | | | | |
| 14 | | | | | | | | | | | |
| 15 | | | | | | | | | | | |
| 16 | | | | | | | | | | | |
| 17 | | | | | | | | | | | |
| 18 | | | | | | | | | | | |
| 19 | | | | | | | | | | | |
| 20 | | | | | | | | | | | |
| 21 | | | | | | | | | | | |
| 22 | | | | | | | | | | | |
| 23 | | | | | | | | | | | |
| 24 | | | | | | | | | | | |
| 25 | | | | | | | | | | | |
| 26 | | | | | | | | | | | |
| 27 | | | | | | | | | | | |
| 28 | | | | | | | | | | | |
| 29 | | | | | | | | | | | |
| 30 | | | | | | | | | | | |

**Сынакка катышкан студент саны: ___ «к/ж»: ____**

**Алардын ичинен: «эн жакшы» ____**

**«жакшы» ____**

**«канаат» ____**

**«кан эмес» ____**

**Баалоо эрэжесы:** **60-73** – «канаатандырарлык»

**74-86** - «жакшы»

**87-100** – «эн жакшы»

**Циклдын башчысы:** ___________________

**Окуу инспектору:** ___________________

## Технологиялык картаны түзүүгө көрсөтмөлөр

Модулдук -рейтингдик системасында окутууну уюштуруу жумушчу программанын технологиялык картасын түзүүдөн башталат.

Технологиялык карта-окуу планы боюнча дисциплинага аудиториялык саатардын окутулуучу материалдардын көлөмүнө жараша модулдарга бөлүштүрүлгөн саатарынын студенттнрдин билимин 100 балдык системада баалоо үчүн ажырытылган баллдардын таблицасы болуп эсептелет.

**Мисалы:** Технологиялык картаны төмөнкүдөй түзүүгө болот. Аудиториялык саат 36 болгондуктан, Аралык (модуль) саны 2 ге барабар болот.

Студенттин билимин балоо үчүн 100 баллды пропорционалдуу түрдө төмөнкүдөй бөлүштүрлүөт:
**36 саат : 2 = 18 пара : 2РК= 9пара (РК1) + 9пара (РК2)**

| АК 1 РК-1 | Критериеси | Баллы | 18 саат / 9 пара | |
|---|---|---|---|---|
| ✓ Күндүөлүк көзөмөл (ежедневные контроль) (күнүгө алган баасы боюнча) | Студенттин сабака катышуусу (Посещаемость) | 0,22 | 15 балл | 30 балл |
| | Студенттин жетишуусу (Успеваемость) | 0,52 | | |
| | Үй тапшырмасы (Домашняя задания) | 0,42 | | |
| | СӨАИ (СРС) (**СӨАИ-** лекцияга кошумча жазуу, берилген таблицаны толтуруу, презентацияларды даярдоо, дил баян, жазуу, кластерлерди, схемаларды түзүү, сүрөттөрдүү тартуу, графикалык, очеттор, чийме чийүү, эсептерди чыгаруу ж.б). | 0,3 | | |
| | Кенспектери (Конспекты) | 0,2 | | |
| 15 балл : 9пара = 1,66 балл | | 1,66 | | |
| ✓ Аралык көзөмөл (модуль) | Тест, Диктант, Контрольдук иш (Тестирование, Диктант, Контрольная работа ) | Саныга карап (по количество) | 15 балл | |

| АК 2 РК-2 | Критериеси | Баллы | 18 саат / 9 пара | |
|---|---|---|---|---|
| ✓ Күндүөлүк көзөмөл (ежедневные контроль) (күнүгө алган баасы боюнча) | Студенттин сабака катышуусу (Посещаемость) | 0,22 | 15 балл | **30 балл** |
| | Студенттин жетишүүсү (Успеваемость) | 0,52 | | |
| | Үй тапшырмасы (Домашняя задания) | 0,42 | | |
| | СӨАИ (СРС) (**СӨАИ-** лекцияга кошумча жазуу, берилген таблицаны толтуруу, презентацияларды даярдоо, дил баян, жазуу, кластерлерди, схемаларды түзүү, сүрөттөрдүү тартуу, графикалык, очеттор, чийме чийүү, эсептерди чыгаруу ж.б). | 0,3 | | |
| | Студенттин жүрүм – туруму (Поведения студента) | 0,2 | | |
| 15 балл : 9пара = 1,66 балл | | 1,66 | | |
| ✓ Аралык көзөмөл (модуль) | Тест, Диктант, Контрольдук иш (Тестирование, Диктант, Контрольная работа ) | Саныга карап (по количество) | 15 балл | |
| ✓ Жыйынтыктоочу (зачет, экзамен) | Предмет боюнча тестирлоо, диктант, контролдук иш. (Тестирование по предмету, диктант, контрольная работа) | Саныга карап (по количество) | | **30 балл** |

| | Критериеси | Баллы | | |
|---|---|---|---|---|
| ✓ Түрткү берүүчү балл (кошумча) (Поощрительный балл) **(анын ичинен студенттин жеке инсандык сапатына коюлган упайлар)** | Коомдук иштерге жана маданий иш чараларга активдүү катышуусу (Активное участие в общественной и культурной массовой мероприятии) | 0,25 | | **10 балл** |
| | Жумалыктарга катышуусу (Участие на субботниках) | 0,25 | | |
| | Контракты (Оплата контракта)/ | 0,25 | | |
| | Студенттин жүрүм – туруму (Поведения студента) | 0,25 | | |
| | | 10,0 | | |
| **Жалпы / Всего** | | | | **100 балл** |

МРС=АК1+АК2+ЖК+КБ=30+30+30+10=100

МРС=РК1+РК2+ИК+П=30+30+30+10=100

**Эскертме:** Студенттин модулдагы арифметикалык орточо баллы 31-60 болсо, ал жыйынтыктоочу текшерүгө киргизилет. Студенттин жалпы блоктогу арифметикалык орточо баллы 0-30 болсо, ал жыйытыктоочу текшерүүгө киргизилбейт, жайкы семестрге калтырылат.

Сабактардын жыйынтык баллы (экзамен) сынак китепчеге жана экзамендик (зачеттук) ведомостко төмөндөгү шкала менен коюлат:

51-67 балл – «канаттаандыраарлык» «3»;

68-84 балл – «жакшы» «4»

85-100 балл – «эң жакшы» «5»

15-20 балл – «канаттаандыраарлык» «3»

21-26 балл – «жакшы» «4»

27-30 балл – «эң жакшы» «5»

КжСБ башчысы: Саидкамолов У.С.